| «МАКУЛДАШЫЛДЫ» | «БЕКИТИЛГЕН» |
|---|---|
| Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин **Жамааттык жыйыны** | Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору ______________ Б. И. Исмаилов |
| Протокол № 67-1 от 05.09.2024 | Буйрук №2/0101 |

| |
|---|
| **Негизги жана орто жалпы билим берүү үчүн программалык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери** |
| **1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү** |
| **1.1 - критерий.** Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келген так белгиленген билим берүү максаттарына жана күтүлүүчү окутуу натыйжаларына ээ. |
| **1.2 - критерий.** Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына шайкеш келет. |
| **1.3 - критерий.** Билим берүү программасы практиканын, стажировкалардын бардык зарыл түрлөрүнө жана окутуунун башка түрлөрүнө ээ. |
| **1.4 - критерий.** Билим берүү программасы мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат, анын ичинде билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо. |
| **1.5 - критерий.** Билим берүү программасы инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду, формаларды жана технологияларды колдонот. |
| **1.6 - критерий. Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурат.** |
| **2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу** |
| **2.1 - критерий.** Билим берүү программасы билим алуучуларды кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат. |

| |
|---|
| **2.2 - критерий.** Билим берүү программасы билим алуучуларга билим берүү траекториясын калыптандырууга (тандоого), академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берет. |
| **2.3 - критерий.** Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациясын, мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат. |
| **3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо** |
| **3.1 - критерий.** Билим берүү программасы педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окуучулардын үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонот. |
| **3.2 - критерий.** Билим берүү программасы баалоонун критерийлеринин жана методдорунун, контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларына апелляция берүү жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылат. |
| **3.3 - критерий.** Билим берүү программасы билим алуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзөт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чараларды көрөт. |
| **3.4 - критерий.** Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдалануу менен ишке ашырылат. |
| **3.5 - критерий.** Билим берүү программасы окуу жүктөмүнө, билим алуучулардын жетишкендиктерине жана бүтүүсүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзөт. |
| **4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал** |
| **4.1 - критерий.** Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет. |
| **4.2 - критерий.** Билим берүү программасында педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү. |

| |
|---|
| **4.3 - критерий.** Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт. |
| **4.4 - критерий.** Билим берүү программасынын билим алуучулары тийиштүү адам ресурстары менен камсыз кылынды (кураторлор, академиялык кеңешчилер, жатаканадагы тарбиячылар). |
| **4.5 - критерий.** Билим берүү программасында окутуунун инновациялык ыкмаларын жана илимий иштеп чыгууларды киргизүү үчүн мугалимдерди стимулдаштыруунун ыкмалары жана каражаттары бар. |
| **5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар** |
| **5.1 - критерий.** Билим берүү программасы билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ. |
| **5.2 - критерий.** Окуу жайлары билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына (санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелерге жана ченемдерге, өрт коопсуздугунун эрежелерине, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелерине) шайкеш келет. |
| **5.3 - критерий.** Окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар билим берүү программасынын мазмунуна шайкеш келет. |
| **5.4 - критерий.** Билим берүү программасы студенттердин окуу материалдарга жана илимий басылмаларга жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн санариптик платформаларды колдонот. |